«Сен китеп ээлеринен болгон коомго барасын. Аларга барганыңда аларды: «Аллахтан башка сыйынууга татыктуу кудай жок жана Мухаммад Аллахтын элчиси» - деп күбөлүк берүүгө чакыр. Эгер алар аны кабыл кылышса, анда Аллах аларга бир күндө беш убак намазды парз кылгандыгын кабар бергин. Эгер алар аны кабыл кылышса, анда Аллах алардын байларынан алынып кедейлерине бериле турган зекетти парз кылгандыгын кабар бергин. Эгерде алар аны кабыл кылышса, зекетке алардын эң жакшы малын алып коюудан алыс бол. Зулум чеккен адымдын дубасынан сактан. Анткени анын дубасы менен Аллахтын ортосунда тосмо жок.@*

Ибн Аббас (Аллах алардан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Муьаз ибну Жабалды Йеменге жөнөтүп жатканда ага мындай деп айтты: «Сен китеп ээлеринен болгон коомго барасын. Аларга барганыңда аларды: «Аллахтан башка сыйынууга татыктуу кудай жок жана Мухаммад Аллахтын элчиси» - деп күбөлүк берүүгө чакыр. Эгер алар аны кабыл кылышса, анда Аллах аларга бир күндө беш убак намазды парз кылгандыгын кабар бергин. Эгер алар аны кабыл кылышса, анда Аллах алардын байларынан алынып кедейлерине бериле турган зекетти парз кылгандыгын кабар бергин. Эгерде алар аны кабыл кылышса, зекетке алардын эң жакшы малын алып коюудан алыс бол. Зулум чеккен адымдын дубасынан сактан. Анткени анын дубасы менен Аллахтын ортосунда тосмо жок.
[Сахих (ишенимдүү)] [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Муьаз ибн Жабалды (Аллах андан ыраазы болсун) Йемен жергесине Аллахка чакыруу үчүн жана динди үйрөтүү үчүн жиберип жатканда, ал христиан коому менен жолугушаарын жана алар менен жолугууга даяр болуусун кабарлады. Андан кийин аларга даават кылганда эң маанилүүсүнөн баштаарын айтты. Ошондуктан Муьаз ибну Жабал баштап аларды:

«Аллахтан башка сыйынууга татыктуу кудай жок, Мухаммад Аллахтын элчиси» - деп күбөлүк беришип, акыйдаларын оңдоого чакырды. Анткени алар бул келимени айтуу менен Исламга киришет. Муьаз ибну Жабал алар Исламды кабыл алышканда аларды намаз окууга буйурду. Анткени намаз таухид келимесинен кийинки эң улуу парз. Андан кийин алар намазды окушканда, алардын байларына мал-мүлктөрүнүн зекетин кедейлерине берүүгө буйурду. Андан кийин зекетке малдын эң жакшысын алуудан тыйды. Анткени малдын орточосунан алуу важип. Андан кийин Муьаз бин Жабалга зулум чеккен адам дуба кылбоо үчүн Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ага зулумдук кылуудан сактанууну насаат кылды. Анткени зулум чеккен адамдын дубасы сөзсүз кабыл болот.

http://www.sunnah.global/hadeeth/ky/show/3390